Долбоор

**Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелери “Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыкты.

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Эрежелердин максаттары үчүн төмөнкүлөрдү билдирген түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

1)ИМБДУ - Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму;

2) географиялык көрсөтмө – товардын белгилүү бир сапаты, баркы жана башка мүнөздөмөлөрү анын келип чыккан географиялык орду менен олуттуу деңгээлде байланышкан өлкөнүн аймагынан же болбосо ошол аймактын регионунан же бир жеринен келип чыккан катары товарды идентификациялаган белги (мындан ары –географиялык объект). Бул географиялык объектинин аймагында товардын мүнөздөмөлөрүн түзүүгө олуттуу таасирин тийгизүүчү товарды өндүрүү баскычтарынын жок дегенде бирөөсү жүзөгө ашырылууга тийиш;

3) Мыйзам – “Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

4) өтүнмө – географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө арыз же мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө тиркелген материалдары менен өтүнмө;

5) өтүнмө ээси – Мыйзамга ылайык географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө же мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө менен кайрылууга укуктуу юридикалык жактардын ассоциация (бирлик) түрүндөгү уюштуруу-укуктук түрү менен юридикалык жак же жеке же юридикалык жак;

6) компетенттүү орган – товарда бул географиялык объект үчүн жаратылыш шарттары жана (же) адам факторлору менен мүнөздүү болуп, анын географиялык келип чыгышына бир кыйла деңгээлде шартталган, билдирилген өзгөчө каиеттеринин, сапатынын, баркынын же башка мүнөздөмөлөрүнүн бар

(жок) экендигин тастыктаган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдар;

7) Кыргызпатент – интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

8) Реестр – Кыргыз Республикасынын географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана товарлар чыгарылган жерлеринин аталыштарынын мамлекеттик реестри;

9) ИМБУнун ST.3 стандарты – өлкөлөрдү, административдик бирдиктерди жана өкмөттөр аралык уюмдарды көрсөтүү үчүн эки тамгалуу кодго ИМБДУнун сунуштаган стандарты;

10) Ушул Эрежелерде пайдаланылуучу башка түшүнүктөр Мыйзамда аныкталган маанисинде колдонулат.

2. Кыргыз Республикасында географиялык көрсөтмөнү укуктук коргоо Мыйзамда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде жана ушул Эрежелерде белгиленген тартипте каттоонун негизинде келип чыгат.

3. Товар өндүрүүнүн баскычтары жана чектери, ошондой эле товардын мүнөздөмөлөрү же белгилөө үчүн географиялык көрсөтмө пайдаланылган товардын өзгөчө касиеттери ушул Мыйзамдын 34-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

4. Өз атына географиялык көрсөтмөнү жана аны пайдаланууга укугун анын мүчөлөрү ассоциациянын (бирликтин) уставынын негизинде иштеген жана өтүнмөдө көрсөтүлгөн товарларга карата өндүрүштүк ишти жүзөгө ашырган, юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген тартипте катталган ассоциация (бирлик) гана каттай алышы мүмкүн.

5. Мыйзам жана ушул Эрежелер менен белгиленген тартипте ушул Эрежелердин 5-пунктунда көрсөтүлгөн ассоциациянын (бирликтин) атына (мындан ары – “укук ээси”) мурда катталган географиялык көрсөтмөнү (мындан ары – “мурда катталган географиялык көрсөтмө”) пайдалануу укугу мурда катталган географиялык көрсөтмөнүн укук ээсинин жана компетенттүү органдардын товардын касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн тастыктаган шартында, ошол эле касиеттер жана мүнөздөмөлөр менен товарды чыгарган жана ошол эле географиялык объектиде турган кандай болбосун юридикалык же жеке жакка берилиши мүмкүн.

6. Географиялык көрсөтмө катары төмөнкүдөй белгилерди каттоого жол берилбейт:

1) анын чектеринде товар алгач өндүрүлгөн же жарандык жүгүртүүгө киргизилген географиялык объектинин аталышына тиешелүү болгон, бирок Кыргыз Республикасында анын өндүрүлгөн жерине байланышпаган, белгилүү бир түрдөгү товардын белгиси катары жалпы керектөөгө кирген белги болуп калган;

2) товардын ошол эле түрүнө карата географиялык көрсөтмө же товар чыгарылган жердин аталышы катары катталган;

3) эгерде мындай географиялык көрсөтмөнү пайдалануу керектөөчүнү товар же анын даярдоочусу тууралуу жаңылышууга алып келүүгө жөндөмдүү болсо, кыйла мурда артыкчылыкка ээ болгон товардык белги менен бирдей же окшош;

4) эгерде мындай географиялык көрсөтмөнү пайдалануу керектөөчүнү товар тууралуу жаңылышууга алып келүүгө жөндөмдүү болсо, өсүмдүктүн сортунун же жаныбардын тукумунун аталышын билдирген;

5) керектөөчүнү товар же анын даярдоочусу тууралуу жаңылышууга алып келүүгө жөндөмдүү;

6) Мыйзамдын 1-бөлүгүндө каралган талаптарга ылайык келбеген товарга карата географиялык көрсөтмө же товар чыгарылган жердин аталышы катары каттоого өтүнмө берилген.

## 2-глава. Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү берүүдө жана кароодо Кыргызпатент менен иш жүргүзүү тартиби

7. Кыргызпатент менен иш жүргүзүү төмөнкүлөрдөн турат:

- алдын ала кеңеш алуу;
- өтүнмө берүү же аны кайра сурап алуу, өтүнмөнү (кайра сурап алууну) берүүгө жана Кыргызпатенттин суроо-талаптарына байланыштуу кат алышууну жүргүзүү;
- өтүнмөнүн материалдарын тактоо, алардагы каталарды оңдоо же Кыргызпатенттин суроо-талабы же өтүнмө бергенден кийин жүзөгө ашырылуучу, өзүнүн демилгеси боюнча кошумча материалдарды берүү;
- Мыйзам жана ушул Эрежелер менен караштырылган өтүнүч катты, каршы пикирди берүү;
- өтүнмөнү карап чыгууда катышуу;
- Мыйзам менен аныкталган, юридикалык маанилүү аракеттерди жүзөгө ашыруу.

8. Кыргызпатент:

1) географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү кабыл алат, алар боюнча кат алышат;

2) өтүнмөлөр боюнча экспертиза жүргүзөт, анын жыйынтыгы боюнча өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуу же баш тартуу, өтүнмө берилген географиялык көрсөтмөнү каттоо же катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү жөнүндө чечим чыгарат;

3) экспертизанын жүрүшүндө өтүнүч катты, каршы пикирлерли карайт, алар боюнча чечимдерди кабыл алат, Мыйзамда жана ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн суроо-талаптарды жана кабарламаларды жиберет;

4) географиялык көрсөтмөнү каттоону жана аларды пайдаланууга укук берүүнү жүзөгө ашырат;

5) күбөлүктөрдү берет, расмий маалыматтарды жарыялайт, өтүнмөлөрдүн, чечимдердин жана башка зарыл болгон документтердин бланктарынын формаларын бекитет, Мыйзамда жана ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн географиялык көрсөтмөлөргө тийиштүү функцияларды аткарат.

9. Кыргызпатентте Апелляциялык кеңеш (мындан ары – Апелляциялык кеңеш) түзүлөт, ал географиялык көрсөтмөнү укуктук коргоо маселелери боюнча талаш-тартыштарды кароо боюнча милдеттүү баштапкы орган болуп саналат.

10. Кыргызпатентте өтүнмөлөр боюнча иш мамлекеттик же расмий тилде жүргүзүлөт. Кыргызпатентке чет тилде берилген документтерге белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн, мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу тиркелиши керек.

11. Өтүнмө ээси, укук ээси, башка кызыкдар жак географиялык көрсөтмөнү мамлекеттик каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө байланыштуу Кыргызпатент менен иш жүргүзүүдө кат алышуу үчүн дарегин көрсөтүүгө милдеттүү. Кыргызпатент почта, электрондук почта же коммуникациянын башка электрондук формалары аркылуу өтүнмө ээси, укук ээси, башка кызыкдар жак көрсөткөн дарекке жиберген кандай болбосун кабарлама, суроо-талап жана чечим жиберген датадан тартып талаптагыдай жеткирилген болуп саналат.

12. Кыргызпатент менен кат алышуу өтүнмө ээси же анын ыйгарым укуктуу өкүлү менен ар бир өтүнмө боюнча өзүнчө жүргүзүлөт.

13. Өтүнмө берилгенден кийин жиберилүүчү материалдар анын номерин жана өтүнмө ээсинин же анын өкүлүнүн колунун коюлушун камтышы керек.

Номери жок өтүнмөнүн материалдары эгер номерди кыйыр түрдө аныктоого болбосо, карап чыгуусуз кайтарылып берилет.

14. Өтүнмө ээси (өтүнмө ээсинин өкүлү) алар берген өтүнмө жана ага тийиштүү документтер менен, ошондой эле аларга тийиштүү документтердин же алардын бөлүктөрүнүн көчүрмөлөрүн суроо аркылуу, алдын ала датасын жана убакытын макулдашып, Кыргызпатенттен түздөн-түз тааныша алат.

15. Өтүнмө ээсинин (анын өкүлүнүн) катышуусу менен өтүнмөгө байланыштуу маселелерди карап чыгуу эреже катары, экспертиза тарабынан өтүнмө берилген белгиге карата кошумча түшүнүк алуу зарылчылыгы келип чыкканда жана каттоо шарттарына өтүнмө берилген белгинин туура келгендигинин маселелери боюнча экспертизанын жана өтүнмө ээсинин позицияларын айкындоо максатында жүргүзүлөт.

Мындай карап чыгуу эки тарап тең ушул маселелер менен таанышкандан кийин, Кыргызпатенттин сунушу боюнча же өтүнмө ээсинин өтүнүчү боюнча жүргүзүлөт. Экспертизанын маселелери сурамда баяндалат, анда кошумча

түрүндө жолугушуунун максатка ылайыктуулугу, аны жүргүзүү жөнүндө өтүнмө ээсинин өтүнүчү жөнүндө маселелер тууралуу кошумча билдирилет.

16. Кыргызпатенттин өтүнмө ээсинин катышуусу менен өтүнмөгө байланыштуу маселелерди карап чыгуу жөнүндө сунушу менен суроо-талабы берилген учурда, өтүнмө ээси өтүнмөнү карап чыгууда катышууга ниеттенеби, ушуга карабастан, Мыйзам жана ушул Эрежелер менен белгиленген мөөнөтүндө ага жооп берилет.

17. Өтүнмөнү карап чыгуунун датасы жана убакыты алдын ала макулдашылат. Кырдаал өзгөргөн учурда, белгиленген убакта өтүнмөнү карап чыгууда катышууга мүмкүнчүлүгү болбогон тарап бул тууралуу башка тарапка тезинен билдирет.

Өтүнмөнү карап чыгуу жөнүндө анын өтүнүчүн канааттандырууда алдын ала макулдашуусуз Кыргызпатенке өтүнмө ээси же анын өкүлү келгенде, өтүнмөнү карап чыгуу жөнүндө анын өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартылышы мүмкүн.

## 3-глава. Өкүлчүлүк жана ишеним кат

18. Өтүнмө ээи, укук ээси, башка кызыкдар жак географиялык көрсөтмөнү мамлекеттик каттоого (мындан ары – каттоо), укуктук коргоого жана/же пайдалануу укугун берүүгө байланыштуу иш жүргүзө алышат:

1) жеке;

2) өкүл аркылуу;

3) Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлү аркылуу (мындан ары –“патенттик ишенимдүү өкүл”).

19. Чет өлкөлүк юридикалык жактар же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жактар же алардын чет өлкөлүк патенттик ишенимдүү өкүлдөрү географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө байланыштуу иштерди Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлү аркылуу гана жүргүзүшөт.

20. Патенттик ишенимдүү өкүлдүн жана/же өкүлдүн ыйгарым укуктары нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган, ишеним кат менен тастыкталат. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөнүнүн же ушундай ишеним каттагы маалыматтардын анык экенине шектенүү келип чыккан учурда, экспертизанын талабы боюнча ушундай ишеним кат белгиленген тартипте мыйзамдаштырылат (апостиль коюлат).

21. Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн ишеним кат төмөнкүдөй шарттарга жооп бериши керек:

- юридикалык жак түзгөн ишеним катка ушул юридикалык жактын мөөрүн коюу менен, юридикалык жактын жетекчиси кол коёт;
- жеке жак түзгөн ишеним катка мөөрдү коюу менен (ал болсо), аны берген жак кол коёт;

- ишеним катта патенттик ишенимдүү өкүлдүн жана/же өкүлдүн ыйгарым укугунун көлөмү көрсөтүлөт;

- ишеним катта ал түзүлгөн датасы көрсөтүлүшү керек, ансыз ал жараксыз.

Ишеним катка кол койгон жактын колу чечмелениши керек.

22. Өкүлчүлүк кылуу ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктары алардын күчүнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин анык болот. Ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурун токтотуу өтүнмө ээси же анын укук мураскору тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тийиштүү арызды (ишеним катты кайра сурап алуу) берүүсү аркылуу ишке ашырылат.

23. Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлгө Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган чет өлкөлүк юридикалык жактын же жеке жактын кызыкчылыгын билдирүүгө ишеним кат ушул жактын өзү жана өтүнүүчү берген тийиштүү ишеним каты бар патенттик ишенимдүү өкүл тарабынан берилет. Акыркы учурда айтылган ишеним каттын экөө тең же тиешелүү түрдө таризделген алардын көчүрмөлөрү көрсөтүлөт.

24. Эгер ишеним кат Кыргызпатентте катталган бир нече патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн атына берилсе, анда өтүнмө боюнча географиялык көрсөтмөнү каттоо боюнча иштерди алардын кайсынысы болбосун тарабынан жүргүзүлөт.

25. Патенттик ишенимдүү өкүлдүн жана/же өкүлдүн ага ыйгарым укуктарынын чегинде берилген кандай болбосун аракети же Кыргызпатенттин кандай болбосун аракети ага карата өтүнмө ээсинин аракети же өтүнмө ээсине карата аракети катары эсептелинет.

## 4-глава. Кыргызпатенттин кабарламаларын, суроо-талаптарын жана чечимдерин жиберүүнүн тартиби жана мөөнөтү. Кыргызпатенттин суроо-талаптарына жоопторду берүүнүн тартиби жана мөөнөтү.

26. Ушул Эрежелер менен караштырылган Кыргызпатенттин кабарламалары, суроо-талаптары жана чечимдери өтүнмө ээсине, укук ээсине, башка кызыкдар жакка почта, электрондук почта же аталган жактардын коммуникациясынын башка электрондук формалары аркылуу жиберилет.

27. Кыргызпатенттин кабарламаларын, суроо-талаптарын жана чечимдерин жиберүү мөөнөтү чечим кабыл алгандан кийин үч жумушчу күндөн ашпашы керек.

28. Өтүнмө ээси, укук ээси, башка кызыкдар жак Кыргызпатенттин кабарламаларын, суроо-талаптарын жана/же чечимдерин төмөнкүдөй ыкмалардын бири менен ала алышат:

1) жеке;

2) почта боюнча;

3) электрондук почта же коммуникациянын башка электрондук формалары боюнча, алардын дареги Кыргызпатентте өтүнмөдө, арызда же башка кайрылууда көрсөтүлгөн.

29. Өтүнмө ээси, укук ээси, башка кызыкдар жак көрсөткөн дарекке Кыргызпатент почта, электрондук почта же коммуникациянын башка электрондук формалары боюнча жиберген кандай болбосун кабарлама, суроо-талап же чечим жиберген датадан тартып тийиштүү түрдө жеткирилген болуп саналат.

30. Эгерде өтүнмө боюнча кат алышууну өтүнмө ээсинин өкүлү/патенттик ишенимдүү өкүлү жүзөгө ашырса, Кыргызпатенттин корреспонденциясына (суроо-талаптар, кабарламалар) байланыштуу материалдарды берүүнүн мөөнөтү аларга ушул корреспонденцияны жиберген датадан тартып эсептелет.

31. Өтүнмө ээсине аларсыз экспертиза жүргүзүү же юридикалык маанилүү аракеттерди жүзөгө ашыруу мүмкүн болбой турган, өтүнмөнүн материалдарын тактоо, өтүнмөнүн материалдарындагы каталарды оңдоо же кошумча жана/же тактоочу материалдарды берүү жөнүндө суроо-талап келип түшкөндө суроо-талаптагы аракеттер (каталарды ондоо, жетишпеген жана/же тактоочу материалдарды берүү) суроо-талап жиберген датадан тартып эки айдан кечиктирилбестен жүзөгө ашырылышы керек.

32. Суроо-талапка жооп берүүнүн мөөнөтү өткөнгө чейин өтүнмө ээси суроо-талапка жооп берүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүч кат берүүгө укуктуу, мында суроо-талапка жооп берүүнүн мөөнөтү алымды төлөгөн шартта, өтүнмө ээсинин өтүнүч катында көрсөтүлгөн мөөнөткө, бирок алты айдан ашпаган убакытка узартылат.

33. Өтүнмө ээси өткөрүп жиберген, ушул Эрежелердин 31-пунктунда караштырылган мөөнөт тийиштүү алым төлөгөн шартта, ал өткөнгө чейин эки айдан кечиктирилбестен берилген өтүнмө ээсинин өтүнүч каты боюнча Кыргызпатент тарабынан калыбына келтирилет.

## 5-глава. Ушул Эрежелер менен белгиленген мөөнөттөрдү эсептөө жана токтотуу

34. Юридикалык маанилүү аракеттерди жүзөгө ашыруу мөөнөтү Мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдү эсептөөнүн эрежелерине ылайык эсептелет.

Эгер мөөнөтү «...ичинде» деген сөздөр менен берилсе жана мөөнөтүнүн акыркы күнү жумушчу эмес күнгө туш келсе, мөөнөтүнүн бүткөн күнү болуп андан кийинки жумушчу күнү эсептелинет.

Эгер мөөнөтүнүн бүткөн күнү тийиштүү күнү болбогон айга туш болсо, анда мөөнөтү ушул айдын акыркы күнү бүтөт.

35. Кыргызпатент тарабынан юридикалык маанилүү аракеттерди аткаруунун мөөнөттөрү, эгерде төмөнкүдөй болсо, токтотулуп турат:

1) юридикалык маанилүү аракеттерди аткарууга өзгөчө кырдаал (авариялар, катастрофалар, табигый же башка кырсыктар, эпидемиялар) тоскоолдук кылганда;

2) өтүнмө ээсине тийиштүү суроо-талап жиберилген жана ага жооп алганга чейин юридикалык маанилүү аракеттерди жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес болгондо (өтүнмө ээсинен кабарландырууга жана суроо-талапка жоопторду, алымдын төлөнгөндүгүн ырастаган документтер менен кошо, алымды төлөгөндүгүн тастыктаган документтерди алганга чейин).

36. Ушул Эрежелердин 35-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккандыгы жөнүндө Кыргызпатент өтүнмө ээсине, укук ээсине же башка кызыкдар жакка кабарлайт. Ошондой эле Кыргызпатенттин расмий сайтына тиешелүү маалымат жайгаштыруу дагы кабарлама болуп эсептелет.

32. Мөөнөттү токтотуп туруу тиешелүү кабарламаны жөнөткөн датадан кийинки күндөн тартып башталат.

33. Мөөнөттү токтотуунун негизи катары кызмат кылган жагдайлар токтотулган күндөн тартып мөөнөттүн өтүшү улантылат. Ушул Эрежелердин 4-главасына ылайык мөөнөттү узартуу жөнүндө кабарлама өтүнмө ээсине, укук ээсине же башка кызыкдар жакка жөнөтүлөт.

34. Ушул Эрежелердин 33-пункту менен каралган учурларда өтүнмө ээси, укук ээси же башка кызыкдар жактар юридикалык маанилүү аракеттерди аткаруусу үчүн мөөнөттөр Кыргызпатент тарабынан калыбына келтирилет.

35. Мөөнөт калыбына келтирилген учурда юридикалык маанилүү аракеттерди аткаруу үчүн мөөнөттүн өтүшү кайрадан башталат.

**6-глава**. **Суроо-талаптарга жоопторду берүүнүн мөөнөттөрү бузулгандагы кесепеттер**

36. Өтүнмө ээсинен суроо-талап жиберилген датадан тартып эки айдын ичинде өтүнмөнүн материалдарын тактоо же кошумча жана/же тактоочу материалдарды берүү жөнүндө суроо-талапка жооп берилбесе жана суроо-талапка жооп берүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүч кат берилбесе, өтүнмө кайра сурап алынган болуп таанылат.

37. Эгер өтүнмө ээси суроо-талапка берген жооп суралган маалымдарды жана/же документтерди толугу менен камтыбаса, ага кайра суроо-талап жиберилиши мүмкүн. Кайра жиберилген суроо-талапка жоо берилбеген учурда өтүнмө кайра сурап алынган болуп таанылат.

38. Өтүнмө ээсине өтүнмөнү кайра сурап алынган деп таануу жөнүндө кабарланат. Кабарламада тийиштүү негиздер көрсөтүлөт.

Мында өтүнмө кайра сурап алынган деп эсептелгенден баштап датасы болуп өтүнмө ээсине кабарлама жиберилген дата саналат.

39. Кайра сурап алынган өтүнмө боюнча экспертиза жүргүзүлбөйт, географиялык көрсөтмө каттоо жүргүзүлбөйт жана/же географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берилбейт.

**7-глава.**

**Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана/же пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө**

40. Географиялык көрсөтмөнү каттоого өтүнмө бир географиялык көрсөтмөгө тиешелүү болууга тийиш.

41. Өтүнмө жана ага тиркелген документтер бир нускада берилет. Өтүнмөнүн формасы Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

42. Өтүнмөлөр төмөнкүдөй түрлөрү менен айырмаланат:

- географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө (мындан ары – каттоого өтүнмө);
- мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө (мындан ары – пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө).

43. Каттоого өтүнмө электрондук форматта же кагазда мамлекеттик же расмий тилде берилүүгө жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) өтүнмө ээсинин аталышын, ошондой эле анын жашаган жерин же турган ордун, ассоциациянын (бирликтин) уставын жана электрондук почтасынын дарегин көрсөтүү менен географиялык көрсөтмөнү каттоо жана географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүү жөнүндө арыз;

2) “Өтүнмө” деген сөздүн үстүндө жайгашкан графаларды өтүнмө ээси толтурбайт. Эгер кайсы бир маалыматтарды толугу менен тийиштүү графаларга жайгаштыруу мүмкүн болбосо, аларды арыздын тийиштүү графасында “кошумча барактан тиркемени карагыла” деген жазууну көрсөтүү менен өзүнчө баракка ошол эле форма боюнча берилет.

3) 731 код менен берилген графада өтүнмө ээси(ээлери) тууралуу маалыматтар берилет: юридикалык жактын толук расмий аталышы (мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүккө ылайык).

(731) код менен берилген графадан кийинки графада төмөнкү маалыматтар келтирилет: толук почта дареги, ошондой эле телефондун, анын ичинде мобилдик телефонунун номери, электрондук почтасынын экиден кем болбогон даректери (мындан ары - e-mail), эгер болсо, ошондой эле факстын номери.

4) Географиялык көрсөтмөнү каттоону сураган Кыргыз Республикасынын юридикалык жагы үчүн Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН), ошондой эле болсо, ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык классификатору (ИУЖК коду) көрсөтүлөт.

5) Географиялык көрсөтмөнү каттоону сураган чет өлкөлүк юридикалык жак же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жак үчүн ИМБДУнун ST.3) стандарты боюнча турган ордуна же жашаган ордуна ылайык өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт.

6) (750) код менен көрсөтүлгөн графада кат алышуу үчүн дареги милдеттүү түрдө көрсөтүлөт: толук почта дареги, ошондой эле телефондун,

анын ичинде мобилдик телефондун номери, экиден кем болбогон e-mail даректери, эгер болсо, ошондой эле факстын номери көрсөтүлөт.

7) (740) код менен берилген графада качан өтүнмө ээси Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлдү/өкүлдү дайындаган учурда гана толтурулат, ал тууралуу маалымат берилет: фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо), Кыргызпатенттеги каттоо номери, Кыргыз Республикасындагы турган орду, телефон, анын ичинде мобилдик телефондорунун номери, экиден кем болбогон e-mail даректери, эгер болсо, ошондой эле факстын номери көрсөтүлөт.

8) (540) код менен өтүнмө берилген белги;

9) ага карата географиялык көрсөтмөнү каттоо жана ушундай географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү суралган товарды көрсөтүү;

10) "Товарды көрсөтүү" жана "Товар келип чыккан (чыгарылган) жери (географиялык объектинин чектери)" графаларында товар келип чыккан жери көрсөтүлөт, ал географиялык объектинин чектерин көрсөтүү аркылуу баяндалат. Географиялык объектинин чектери ошол жердин координаталарынын, табигый чектеринин –дарыяларынын, тоолорунун, көлдөрүнүн; административдик чектеринин; узак убакыттан бери турган курулмалардын, коммуникациялардын ж.у.с. жардамы аркылуу сыпатталашы мүмкүн.

11) анын чыгарылган (өндүрүлгөн) жери менен товардын мүнөздөмөлөрүнүн байланышына тиешелүү маалыматтар;

12) товарды өндүрүүдө пайдаланылуучу баштапкы материалды кошо алганда, товардын мүнөздөмөлөрүнүн сыпаттамасы, товардын физикалык, химиялык, микробиологиялык, органолептикалык же көркөм мүнөздөмөлөрү;

13) эгерде бул товардын мүнөздөмөлөрүн түзүүгө жана сактоого олуттуу таасирин тийгизе турган болсо, товарды өндүрүүнүн ыкмасынын сыпаттамасы, ошондой эле аны сактоонун жана ташуунун шарттары жөнүндө маалыматтар;

14) товарды өндүрүү шарттарын сактоо жана мүнөздөмөлөрүн сактоо үчүн контролдоо тартибин сыпаттоо;

15) ) географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугу бар жактардын тизмеги, ассоциацияга (бирликке) кирген жактардын географиялык көрсөтмөнү пайдалануу шарттары;

16) эгерде бул Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө мыйзамдарында каралган болсо, товарды өндүрүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу укугун ырастаган маалыматтар;

Өтүнмөгө өтүнмө ээси кол коёт. Ассоциациянын (бирликтин) атынан өтүнмөгө анын кызмат орду көрсөтүлүп, уюмдун жетекчиси кол коёт, колу мөөр менен тастыкталат.

Өтүнмө патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилсе, өтүнмөгө патенттик ишенимдүү өкүл кол коет.

Колу кол койгон жактын фамилиясы жана аттары көрсөтүлүп чечмеленет.

Өтүнмөдө кошумча барактар болсо, аларга дагы ушундай тартипте кол коюлат.

44. Каттоого берилген өтүнмөгө төмөнкүдөй документтер тиркелиши керек:

1) тийиштүү түрдө таризделген ишеним кат (эгер өтүнмө өкүл/патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилсе);

2) белгиленген өлчөмдө алымды төлөгөндүгүн тастыктаган документ.

3) өтүнмө ээси көрсөтүлгөн географиялык объектте тургандыгы жана өзгөчө касиети географиялык объект үчүн жаратылыш шарттарын же адам факторлору же болбосо жаратылыш шарттары жана адам факторлору менен бир убакта мүнөздүүлүгү менен аныкталган товарды чыгаргандыгы жөнүндө компетенттүү органдын белгиленген формадагы корутундусу.

45. Пайдалануу укугуна өтүнмө мамлекеттик же расмий тилде электрондук форматта же кагаз түрүндө берилет жана төмөнкүлөрдү камтышы керек:

1) өтүнмө ээсинин аталышын (мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүккө ылайык юридикалык жактын толук расмий аталышы же жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер болсо), ошондой эле анын жашаган жерин же турган ордун көрсөтүп, мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун алууга арыз;

2) “Өтүнмө” деген сөздүн үстүндө жайгашкан графаларды өтүнмө ээси толтурбайт. Эгер кайсы бир маалыматтарды толугу менен тийиштүү графаларга жайгаштыруу мүмкүн болбосо, аларды арыздын тийиштүү графасында “кошумча барактан тиркемени карагыла” деген жазууну көрсөтүү менен өзүнчө баракка ошол эле форма боюнча берилет.

3) 731 код менен берилген графада өтүнмө ээси(ээлери) тууралуу маалыматтар берилет: юридикалык жактын толук расмий аталышы (мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүккө ылайык) же жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо).

(731) код менен берилген графадан кийинки графада төмөнкү маалыматтар келтирилет: толук почта дареги, ошондой эле телефон, анын ичинде мобилдик телефонунун номери, электрондук почтасынын экиден кем болбогон e-mail даректери, эгер болсо, ошондой эле факстын номери.

4) Кыргыз Республикасынын юридикалык жана жеке жагы үчүн салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН), ошондой эле болсо, ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык классификатору (ИУЖКнын коду) көрсөтүлөт.

5) Географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун сураган чет өлкөлүк юридикалык жак же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жак үчүн ИМБДУнун ST.3 стандарты боюнча турган ордуна же жашаган ордуна ылайык өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт.

6) (750) код менен көрсөтүлгөн графада кат алышуу үчүн дареги милдеттүү түрдө көрсөтүлөт: толук почта дареги, ошондой эле телефон, анын ичинде мобилдик телефондун номери, экиден кем болбогон e-mail даректери, эгер болсо, ошондой эле факстын номери көрсөтүлөт.

7) (740) код менен берилген графада качан өтүнмө ээси патенттик ишенимдүү өкүлдү/өкүлдү дайындаган учурда гана толтурулат, ал тууралуу маалымат берилет: фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо), ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдагы каттоо номери, Кыргыз Республикасындагы турган орду, телефон, анын ичинде мобилдик телефондорунун номери, экиден кем болбогон e-mail даректери, эгер болсо, ошондой эле факстын номери көрсөтүлөт.

8) (540) код менен пайдалануу укугу суралган, катталган географиялык көрсөтмө (өтүнмө берилген белги);

9) ага карата ушундай географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү суралган товарды көрсөтүү;

10) "Товарды көрсөтүү" жана "Товар келип чыккан (чыгарылган) жери (географиялык объектинин чектери) графаларында товар келип чыккан жери көрсөтүлөт, ал географиялык объектинин чектерин көрсөтүү аркылуу баяндалат. Географиялык объектинин чектери ошол жердин координаталарынын, табигый чектеринин – дарыяларынын, тоолорунун, көлдөрүнүн; административдик чектеринин; узак убакыттан бери турган курулмалардын, коммуникациялардын ж.у.с. жардамы аркылуу сыпатталашы мүмкүн.

11) анын чыгарылган (өндүрүлгөн) жери менен товардын мүнөздөмөлөрүнүн байланышына тиешелүү маалыматтар;

12) товарды өндүрүүдө пайдаланылуучу баштапкы материалды кошо алганда, товардын мүнөздөмөлөрүнүн сыпаттамасы, товардын физикалык, химиялык, микробиологиялык, органолептикалык же көркөм мүнөздөмөлөрү;

13) эгерде бул товардын мүнөздөмөлөрүн түзүүгө жана сактоого олуттуу таасирин тийгизе турган болсо, товарды өндүрүүнүн ыкмасынын сыпаттамасы, ошондой эле аны сактоонун жана ташуунун шарттары жөнүндө маалыматтар;

14) эгерде бул Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө мыйзамдарында каралган болсо, товарды өндүрүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу укугун ырастаган маалыматтар.

Өтүнмөгө өтүнмө ээси кол коёт. Ассоциациянын (бирликтин) атынан өтүнмөгө анын кызмат орду көрсөтүлүп, уюмдун жетекчиси кол коёт, колу мөөр менен тастыкталат.

Өтүнмө патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилсе, өтүнмөгө патенттик ишенимдүү өкүл кол коет.

Колу кол койгон жактын фамилиясы жана аттары көрсөтүлүп чечмеленет.

Өтүнмөдө кошумча барактар болсо, аларга дагы ушундай тартипте кол коюлат.

46. Пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөгө төмөнкүдөй документтер тиркелиши керек:

1) тийиштүү түрдө таризделген ишеним кат (эгер өтүнмө өкүл/патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилсе);

2) Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу түрүндөгү макулдугу (эгер географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укугу жеке жактар үчүн суралса);

3) белгиленген өлчөмдө алымды төлөгөндүгүн тастыктаган документ;

4) өтүнмө ээсинин көрсөтүлгөн географиялык объектинин аймагында өндүрүшү же өндүрүштүн баскычтарынын бири бар экендиги жана Кыргыз Республикасынын географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана товарлар чыгарылган жерлеринин аталыштарынын мамлекеттик реестринде (мындан ары – Көрсөтмөлөрдүн жана аталыштардын реестри) көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөргө ээ болгон товарды чыгаргандыгы жөнүндө компетенттүү органдын белгиленген формадагы корутундусу;

5) өтүнмө ээси Көрсөтмөлөрдүн жана аталыштардын реестринде көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөргө ээ болгон товарды чыгаргандыгы жөнүндө укук ээсинин корутундусу.

Укук ээсинин корутундусу укук ээси менен географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун сураган жактын ортосундагы келишимдин негизинде берилет.

47. Эгер ага карата географиялык көрсөтмөгө өтүнмө берилген географиялык объект Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан болсо, өтүнмөгө өтүнмө ээсинин товар келип чыккан өлкөдө билдирилген белгиге пайдалануу укугун тастыктаган документтер тиркелет.

48. Эгер өтүнмөгө тиркелген документтер башка тилде берилсе, өтүнмөгө алардын мамлекеттик же расмий тилге котормосу тиркелет.

49. Өтүнмө жана га тиркелген документтер ушул Эрежелердин 43-48-пункттары менен каралган шарттарды сактоо менен, электрондук формада берилиши мүмкүн.

Өтүнмөнү жана ага тиркелүүчү документтерди электрондук түрдө берүүдө кошумча талаптар же алып салуулар, кол тамганы тариздөөгө талаптардан тышкары, мамлекеттик орган тарабынан бекитилүүчү жана жарыяланууч "Өтүнмөнү электрондук түрдө берүү" системасын пайдалануу боюнча нускама менен белгиленет.

Арыздын электрондук формасы эгер өтүнмө Кыргызпатенттин расмий веб-порталы аркылуу берилсе, квалификациялык электрондук кол тамга (мындан ары – КЭК) аркылуу кол коюлат.

Эгер өтүнмө Бирдиктүү идентификациялоо жана аутентификациялоо системасы (Мампортал) аркылуу берилсе, КЭК талап кылынбайт.

50. Кыргызпатентке келип түшкөн өтүнмөнүн материалдарына кириш номери берилет жана алардын келип түшкөн датасы белгиленет.

51. Өтүнмө ээсине же анын өкүлүнө кабыл алынган документтердин саны жана алардын келип түшкөн датасы көрсөтүлүп өтүнмөнүн материалдарын кабыл алуу жөнүндө тил кат берилет.

Өтүнмө электрондук форматта берилген учурда өтүнмө ээсине электрондук кабарлама менен билдирилет.

52. Өтүнмөлөр өтүнмө ээсинин өтүнүчү боюнча аларды кароонун кайсы болбосун этабында кайра сурап алынышы мүмкүн, бирок географиялык көрсөтмөнү каттоонун жана ушул географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүүнүн жана аларды Реестрде пайдаланууга укук берүүнүн датасынан кечиктирбестен. Мында ушул Эрежелердин 39-пункту менен каралган кесепеттер келип чыгат.

## 8-глава. Каттоого өтүнмөнүн жана/же пайдалануу укугуна өтүнмөнүн экспертизасы

53. Каттоого өтүнмөнүн жана/же пайдалануу укугуна өтүнмөнүн экспертизасы алдын ала экспертизадан жана белгинин экспертизасынан турат.

54. Экспертиза ушул Эрежелерге жана Кыргызпатент бекитүүчү Методикалык сунуштоолорго ылайык жүргүзүлөт.

55. Өтүнмөнүн материалдарында маалымдар жана/же документтер жок болсо же алар ушул Эрежелердин 43-48-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келбесе, өтүнмө ээсине аныкталган бузууларды көрсөтүү жана аны жиберген датадан тартып эки айдын ичинде жетишпеген же оңдолгон маалыматтарды жана/же документтерди берүүсүн өтүнүү менен суроо-талап жиберилет.

56. эгер зарылдык келип чыкса, Кыргызпатент аларсыз экспертиза жүргүзүү мүмкүн болбогон, кошумча материалдарды сурайт:

1) өтүнмө берилген белгини тактоо;

2) ушул Эрежелердин 44, 46-48-пункттарында жана “Тиркелген документтердин тизмеги” графасында көрсөтүлгөн документтерди берүү;

3) аны белгилөө үчүн географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүү же мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү суралган товарды тактоо;

4) аны белгилөө үчүн географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укук берүү же мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү суралган товардын келип чыккан/чыгарылган жерин тактоо;

5) өтүнмөдө көрсөтүлгөн товардын касиеттеринин сыпаттамасын тактоо;

6) компетенттүү органдын (компетенттүү органдардын) жана укук ээсинин тастыктоочу документтердеги/ корутундуларындагы камтылган маалымдарды тактоо, негизинен товарда анын географиялык келип чыгуусу менен байланышкан бир кыйла деңгээлдеги атайын сапатын, беделин жана башка мүнөздөмөлөрүн/бул географиялык объект үчүн жаратылыш шарттары же адам факторлору менен гана аныкталуучу өзгөчө касиеттеринин болушун тастыктаган маалымдарды тактоо.

57. Өтүнмөнү карап чыгууда келип чыгуучу башка мүнөздөгү маселелер жогоруда негиздемелерге багытталган сурамга киргизилиши мүмкүн.

58. Суроо-талапта кайсы бир маселе боюнча келтирилген экспертизанын пикири Мыйзамдын, ушул Эрежелердин жана башка ченемдик укуктук актылардын жоболоруна шилтемелер менен аргументтелиши керек.

59. Суроо-талапта жооп берилбесе, ушул Эрежелердин 36-пункту менен каралган кесепеттер келип чыгат.

60. Эгер өтүнмө ээси суроо-талапка берген жооп суралган маалымдарды жана/же документтерди толугу менен камтыбаса, ага кайра суроо-талап жиберилиши мүмкүн.

## 9-глава. Каттоого өтүнмөнүн жана/же пайдалануу укугуна өтүнмөнүн алдын ала экспертизасы

61. Каттоого өтүнмөнүн жана/же пайдалануу укугуна өтүнмөнүн алдын ала экспертизасы ушул Эрежелердин 36-пунктунун жоболорун эске алып, Кыргызпатентке аталган өтүнмөлөр келип түшкөн датадан тартып, бир айдын ичинде жүргүзүлөт.

62. Алдын ала экспертизанын жүрүшүндө ушул Эрежелердин 44-48-пункттарында каралган зарыл болгон документтердин курамы, аларды тариздөөнүн тууралыгы жана алымдын төлөнгөндүгү, негизинен төмөнкүлөрдүн бар экендиги жана белгиленген талаптарга ылайык келиши текшерилет:

а) географиялык көрсөтмөнү каттоо жана пайдаланууга укук берүү жөнүндө арыздар жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү жөнүндө арыздар;

б) өтүнмө ээсинин (ээлеринин) аталышын, анын (алардын) жашаган жеринин/турган ордунун дарегин (даректерин) көрсөтүү;

в) патенттик ишенимдүү өкүлдүн же эгер болсо, башка өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган жеринин/турган ордунун даректери жана электрондук почтасынын дареги;

г) өтүнмө берилген белги;

д) товар чыгарылган (келип чыккан) жерди көрсөтүү (географиялык объектинин чектери);

е) товардын өзгөчө касиеттерин сыпаттоо;

ж) өтүнмө бергендиги үчүн алымды төлөгөндүгү жөнүндө документ, алдын ала экспертиза жана өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүү;

з) патенттик ишенимдүү өкүлгө же өтүнмө ээсинин өкүлүнө берилген ишеним кат;

и) өтүнмө ээси көрсөтүлгөн географиялык объектте тургандыгы жана географиялык көрсөтмөлөргө коюлган талаптарга ылайык келген товарды чыгаргандыгы жөнүндө компетенттүү органдын (компетенттүү органдардын) корутундусу;

к) чет өлкөлүк өтүнмө ээсинин товар келип чыккан өлкөсүндө алар өтүнмө берген географиялык көрсөтмөгө анын укугун тастыктаган документ;

л) мамлекеттик же расмий тилде берилбеген өтүнмөгө тиркелген документтердин котормосу.

м) Көрсөтмөлөрдүн жана аталыштардын реестринде көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөргө ээ болгон товарды чыгаргандыгы жөнүндө укук ээсинин корутундусу (пайдалануу укугуна өтүнмө бергенде).

м) өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу түрүндөгү макулдугу (жеке жактар үчүн).

63. Өтүнмөнүн материалдары ушул Эрежелер менен аныкталган талаптарга туура келгенде, ошондой эле өтүнмө ээси ушул Эрежелердин 57-пунктуна ылайык суралган маалымдарды жана документтерди өз убагында берген учурда, өтүнмөнү берген датасы көрсөтүлүп, өтүнмөнү кароого кабыл алуу жөнүндө чечим чыгарылат, ал өтүнмө ээсине жиберилет.

64. Каттоого өтүнмөнү же пайдалануу укуугна өтүнмөнү берүүнүн датасы болуп Кыргызпатентке ушул Эрежелердин 43-48-пункттарына ылайык каралган документтердин келип түшкөн күнү эсептелет, ал эми аталган документтер бир убакта берилбесе, алардын акыркысынын келип түшкөн датасы боюнча белгиленет.

65. Алдын ала экспертизанын оң натыйжасы жөнүндө чечим чыгарылгандан кийин он жумушчу күндүн ичинде Кыргызпатенттин расмий сайтында географиялык көрсөтмөгө берилген өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар жарыяланат. Жарыялоо үчүн маалыматтардын тизмеги Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

66. Өтүнмөну жарыялган датадан тартып үч айдын ичинде кайсы кызыкдар жак болбосун жазуу түрүндө жүйөлүү каршы пикирин билдирүүгө укуктуу, ал өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүүдө каралат.

67. Өтүнмөнүн материалдарында маалымдар жана/же документтер жок болгон же ушул Эрежелердин 43-48-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келбеген жана өтүнмө ээси суроо-талапта көрсөтүлгөн бузууларды оңдобогон учурда (аны өтүнмө ээсине жиберген датадан тартып, эки айдын ичинде жетишпеген же оңдолгон маалымдарды жана/же документтерди бербесе), өтүнмөнү кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат жана өтүнмө ээсине бул тууралуу тийиштүү кабарлама жиберилет.

## 10-глава. Өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүү

68. Кароого кабыл алынган өтүнмө боюнча билдирилген белгиге анын Мыйзамдын 34-беренесинде белгиленген талаптарга ылайык келишине өтүнмө берген датадан тартып алты айдын ичинде экспертиза жүргүзүлөт.

69. Билдирилген белгиге экспертиза жүргүзүүдө төмөнкүлөр кошумча текшерилет:

1) алдын ала жүргүзүлүүчү экспертизанын жүрүшүндө текшерүү жүргүзүлгөн өтүнмөнүн материалдарынан тышкары, өтүнмөнүн жана ага тиркелүүчү документтердин мазмунга жана таризделишине коюлган талаптарга өтүнмөнүн материалдарынын туура келишин текшерүү;

2) өтүнмө ээси көрсөтүлгөн географиялык объектте тургандыгы жана географиялык көрсөтмөлөргө коюлган талаптарга ылайык келген товарды чыгаргандыгы жөнүндө компетенттүү органдын (компетенттүү органдардын) тастыктоочу документинин/корутундусунун, ал эми пайдалануу укугуна өтүнмөнү карап чыгуу учурунда, ошондой эле укук ээсинин корутундусунун болушу жана мазмуну;

3) эгер өтүнмө берилген белги мурда географиялык көрсөтмө катарында катталган учурда, аны белгилөө үчүн Реестрде камтылган, географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүү суралган товардын өзгөчө касиеттерин сыпаттоонун ылайык келиши.

70. Өтүнмө берилген белгинин Мыйзамдын 34-беренесинде белгиленген географиялык көрсөтмөгө коюлган талаптарга ылайык келишин аныктоодо төмөнкүлөргө текшерүү жүргүзүлөт:

1) өтүнмө берилген белгинин географиялык объектинин расмий заманбап аталышына же анын тарыхый аталышына ылайык келиши;

2) географиялык объектинин турган жерин тастыктоочу маалыматтардын болушу, анын аталышы өтүнмөдө чектери көрсөтүлгөн жерде географиялык көрсөтмө катарында билдирилет;

Эгер географиялык объектинин аталышы мурда товарды жекелештирүү үчүн колдонулса, бирок өтүнмө берген убакта товардын анык келип чыккан жерин жана анын өзгөчө касиеттерин көрсөтүүгө баштапкы жөндөмдүүлүгүн жоготкон учурда, ал аны чыгарган жерине байланыштуу болбогон, товардын белгиленген түрүн (түрдүк түшүнүк) белгилөө катары Кыргыз Республикасында жалпы колдонууга кирген белги болуп эсептелет;

3) анын келип чыккан/чыгарылган жери (географиялык объектинин чектери) көрсөтүлүп, аны белгилөө үчүн географиялык көрсөтмөнү каттоо жана пайдаланууга укук берүү же мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү суралган, товардын көрсөтмөсүнүн болушу.

71. Компетенттүү органдын жана укук ээсинин тастыктоочу документинин/корутундусунун мазмунун текшерүүдө төмөнкүлөрдү тастыктоочу маалымдардын болушу аныкталат:

1) өтүнмө ээсинин анын аталышы географиялык көрсөтмө катарында билдирилген жерде болушу;

2) географиялык көрсөтмө катарында билдирилген же пайдалануу укугу суралган, өтүнмө ээсинде өтүнмөдө көрсөтүлгөн географиялык көрсөтмө катарында билдирилген пайдалануу укугу суралган, географиялык объектинин аймагында товар өндүрүшүнүн же өндүрүштүн эч болбогондо бир баскычынын болушу;

72. Экспертизанын суроо-талабы боюнча өтүнмө ээси берген кошумча материалдар ушул Эрежелердин 69-пунктуна ылайык каралат.

Кыргызпатенттин суроо-талабы боюнча өтүнмө ээси берген кошумча материалдар келип түшкөндө өтүнмө ээси аларды берүүдө белгиленген мөөнөттү сактагандыгы текшерилет.

73. Өтүнмө ээсинин өз демилгеси же Кыргызпатенттин суроо-талабы боюнча жиберген кошумча материалдары түшкөндө жана карап чыгууга кабыл алынганда алар өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөртпөйбү, текшерилет.

Кошумча материалдар өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөрткөн болуп таанылат, эгер төмөнкүлөр камтылса:

- компетенттүү органдын корутундусунун негизинде товар ээ болбогон, товардын касиетин көрсөтүү;

- эгер өтүнмө берилген белги ал үчүн географиялык көрсөтмө арналган, товардын өзүнүн аталышын камтып, башка товарды көрсөтүү.

Кошумча материалдарды өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөрткөн болуп таанылган учурда, өтүнмө ээсине экспертиза чечим кабыл алганга чейин (суроо-талапта же кабарламада) кошумча материалдарга киргизилгендердин кайсынысы экспертизанын ушундай жыйынтык чыгаруусу үчүн негиз болуп кызмат кылгандыгы тууралуу билдирилет. Башка маалыматтар экспертиза жүргүзүүдө эске алынат.

74. Өтүнмө берилген белгинин Мыйзамдын 34-беренеси менен белгиленген талаптарга, ошондой эле өтүнмөнүн Мыйзамдын 36-беренесинин жана ушул Эрежелердин талаптарына ылайык келиши аныкталганда географиялык көрсөтмөнү каттоо жана аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө чечим чыгарылат.

75. Мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугуна өтүнмөнүн Мыйзамдын 35-беренесинин 6-бөлүгү жана ушул Эрежелер менен белгиленген талаптарга келиши аныкталганда мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүү жөнүндө чечим чыгарылат.

76. Географиялык көрсөтмөнү каттоо жана аларды пайдаланууга укук берүү, ошондой эле мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укук берүү жөнүндө чечимде төмөнкү маалымдар келтирилет:

1) ага пайдалануу укугу берилген, географиялык көрсөтмө катарында катталуучу белги же ага пайдалануу укугу берилген, географиялык көрсөтмө катарында катталган белги;

2) ага (аларга) географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугу берилүүчү жак (тар) жөнүндө маалымдар;

3) күбөлүктүн күчүнүн мөөнөтү башталган датасы болуп саналган, өтүнмөнү берген датасы;

4) аны белгилөө үчүн географиялык көрсөтмө катталуучу жана/же географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугу берилүүчү товардын өзгөчө касиеттерин көрсөтүү жана сыпаттоо.

Географиялык көрсөтмөнү каттоо жөнүндө чечимдин формасы Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

77. Каттоого өтүнмө берилген белгинин Мыйзамдын 34-беренеси менен белгиленген талаптарга, ошондой эле өтүнмөнүн Мыйзамдын 36-беренесинин жана ушул Эрежелердин талаптарына ылайык келбегендиги аныкталганда географиялык көрсөтмөнү каттоодон жана аларды пайдаланууга укук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

78. Мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугуна өтүнмөнүн Мыйзамдын 35-беренесинин 6-бөлүгү жана ушул Эрежелер менен белгиленген талаптарга ылайык келбегендиги аныкталганда мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

79. Географиялык көрсөтмөнү каттоодон жана аларды пайдаланууга укук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимде, ошондой эле мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимде Мыйзамга жана ушул Эрежелерге таянуу менен, географиялык көрсөтмөнү каттоодон жана/же аларды пайдаланууга укук берүүдөн баш тартуу үчүн негиздемелер келтирилет.

## 11-глава. Өтүнмөлөрдү кайра түзүү

80. Географиялык көрсөтмө жана географиялык көрсөтмөнү каттоого өтүнмө ылайыгына карата товар чыгарылган жердин аталышына жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого өтүнмөгө жана ушул Эрежелердин талаптарын сактаган шартта тескерисинче кайра түзүлүшү мүмкүн.

81. Ушундай кайра түзүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.